| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 4-апрели №1** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы жерлерин жана айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлерин ижарага берүү боюнча жер комиссиясынын ишинин регламентин бекитүү жөнүндө**

Айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы жерлерин жана айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлерин ижарага берүү боюнча жер комиссиясынын ишинин регламентин бекитип берүү жөнүндөгү Күмүштак айыл өкмөт башчысы З.Надырбаевдин 2025-жылдын 28-мартындагы №02-2/610 чыгыш сандуу кайрылуусун карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык кеңешинин депутаттарынын VI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Күмүштак айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы жерлерин жана айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлерин ижарага берүү боюнча жер комиссиясынын ишинин регламенти тиркемеге ылайык бекитилсин (тиркеме 2 баракта тиркелет).

2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмолдөө жагы айылдык кеңештин жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага **Б.Акматов**

Күмүштак айылдык кеңешинин
депутаттарынын 2025-жылдын
4-апрелиндеги VI сессиясынын
№1 токтому менен бекитилген.

**Талас облусунун Бакай-Ата районунун Күмүштак айыл өкмөтүндөгү айыл чарба мамлекеттик фондусунун жерлерин (АЧЖМФ) ижарага берүү боюнча Жер комиссиясынын ишинин**

## РЕГЛАМЕНТИ

1. Жалпы жоболор;
2. Жер комиссиясын түзүү тартиби;
3. Жер комиссиясынын иш милдеттери;
4. Жер комиссиясынын отурумун уюштуруу жана өткөрүү тартиби.

**1. Жалпы жоболор:**

1.1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2007-жылдын 29-июнундагы №1997-111 - токтому менен бекитилген «Айыл чарба жерлерин мамлекеттик фондусунун жерлерин» ижарага берүү тартиби жана шарттары жөнүндөгү» типтүү Жобого ылайык жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтомунун негизинде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 бекитилген токтомун жетекчилике алып жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 9-сентябрындагы №494 токтомун аткаруу максатында жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык, ушул Регламент ишке ашырылат.

**2. Жер комиссиясын түзүү тартиби:**

2.1. Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондусунун жерлерин ижарага берүү максатында айыл өкмөтү 7 адамдан кем эмес санда Жер комиссиясын түзөт. Анын курамына жергиликтүү кеңештин 3 төн кем эмес депутаты кирет.
Айыл өкмөтүнүн башчысы комиссиясынын курамына кызматы боюнча кирет.
Жер комиссиясынын курамына ошондой эле айыл башчылары, коомчулуктун жана коомдук уюмдардын өкүлдөрү кириши мүмкүн.
Жер комиссиясынын курамына кирген депутаттардын ичинен комиссиянын төрагасы болуп шайланат.
Жер комиссиясынын катчысы болуп айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы дайындалат.
Жер комиссиясынын курамына райондук кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо башкармалыгынын өкүлү кириши мүмкүн.
2.2. Райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын өкүлү Жер комиссиясынын отурумдарына байкоочу катары катышканга укуктуу.
2.3. Жер комиссиясынын курамы айылдык кеңеш тарабынан бекитилет.
2.4. Жер комиссиясынын уюштуруучулук ишин камсыздоону жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы жүргүзөт.

**3. Жер комиссиясынын иш милдеттери:**

3.1.Жер комиссиясы төмөнкү иш милдеттерди ишке ашырат:
- аукционду өткөрүү датасын, ордун жана тартибин аныктайт;
- лотторду түзөт;
- ижара акысынын баштапкы же белгиленген өлчөмүн аныктайт;
- конкурстун шарттарын аныктайт;
- кепилдик төлөмдүн өлчөмүн аныктайт;
- лоттордун чек араларын аныктайт;
- Кеңештин чечиминин негизинде ар бир лот боюнча баштапкы ижара акысынын өлчөмүн аныктайт;
- ар бир лот боюнча ижара мөөнөтүн аныктайт;

- ар бир лот боюнча аукциондун «кадамынын» өлчөмүн аныктайт;
- ижара акысынын төлөө формаларын жана мөөнөттөрүн аныктайт;
- талапкерлерге аукционго катышууга укук берүүгө - (же уруксат берүүдөн баш тартуу) жөнүндө чечим кабыл алат;
- аукцион өткөрүүгө катышат;
- конкурсту өткөрөт;
- тооруктун жыйынтыктарынын протоколуна кол коет;
- кабыл алынган арыздардын жана аларга тиркелген документтердин КРнын колдонулуудагы Мыйзамдарына ылайык ижарачыга коюлуучу талаптарга жооп берерин текшерет;
- тоорук өткөрүү жол-жобосу менен байланышкан бардык талаш маселелерди чечет;
- КР Мыйзамдары менен белгиленген башка иш милдеттерди аткарат.

3.2. Жер комиссиясы төмөнкүлөргө укуктуу:
- мамлекеттик администрациянын тиешелүү кызматтарынан, бөлүмдөрүнөн жана чарбакер субъектилерден документтерди, корутундуларды, экспертиза актыларын жана отурумдарда каралуучу маселерге тиешеси бар башка материалдарды алганга;
- эксперттерди, анын ичинде көз каранды эмес эксперттерди, тиешелүү корутундуларды даярдоо боюнча ишке тартканга;
- өз ишмердиги жөнүндөгү материалдарды жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялаганга:

**4. Жер комиссиясынын отурумун уюштуруу жана өткөрүү тартиби:**

4.1. Жер комиссиясы өз ишмердигин отурумдар түрүндө ишке ашырат. Отурумдардын жыйынтыктарына протокол толтурат, ага Жер комиссиясынын катчысы, төрагасы жана башка бардык катышкан мүчөлөрү кол коет.
4.2. Жер комиссиясынын отуруму Комиссиянын төрагасы аныктаган күндөрү өткөрүлөт.
4.3. Жер комиссиясынын отурумун Жер комиссиясынын төрагасы өткөрөт.
4.4. Жер комиссиясынын отурумуна эгерде ага жалпы мүчөлөрүнүн үчтөн экисинен кем эмеси катышса, чечим кабыл алынганга укуктуу болуп эсептелинет.
4.5. Жер комиссиясынын чечими ачык-добуш берүү аркылуу катышкандардын көпчүлүгүнүн жөнөкөй добушу менен кабыл алынат. Добуштар тең болуп калганда, төрагалык кылуучунун добушу чечүүчү болот.
4.6. Жер комиссиясынын мүчөсү түздөн-түз каржылык жактан кызыктар же арызы каралып жаткан адамга туугандык мамиледе болсо, Жер комиссиянын мындай мүчөсү бул маселени караганга жана ал боюнча чечим кабыл алганга катышууга укуктуу эмес.
4.7. Жер комиссиясынын мүчөлөрүнө боло турган отурум жөнүндө, аукцион өткөргөнгө 3 күн калганга чейин билдирилет.
4.8. Отурумдун башында Жер комиссиясынын төрагасы, талкууланып жаткан маселенин мүнөзүн, ыйгарым укуктуу органдардан жана ошондой эле эксперттерден түшкөн расмий корутундулардын мазмунуна жараша иштөө тартибин аныктайт.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
КҮМҮШТАК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КУМУШТАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 4-апрели №2** **Боо-Терек айылы**

**Күмүштак айыл аймагына караштуу айыл чарба багытындагы жерлерине жана айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлерине аукцион өткөрүү боюнча комиссия курамын бекитүү жөнүндө**

Айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы жерлерин жана айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлерин ижарага берүү үчүн аукцион өткөрүү боюнча жер комиссиясынын бекитип берүү жөнүндөгү Күмүштак айыл өкмөт башчысы З.Надырбаевдин 2025-жылдын 28-мартындагы №02-2/610 чыгыш сандуу кайрылуусун карап чыгып, талкуулап Күмүштак айылдык кенешинин депутаттарынын VI сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы жерлерине жана айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлерине аукцион өткөрүү боюнча комиссия төмөндөгү курамда бекитилсин:
   - З.Надырбаев - Күмүштак айыл өкмөтүнүн башчысы;
   - М.Эсенаманов - Күмүштак айылдык кеңешинин депутаты;
   - Ш.Сопубеков - Күмүштак айылдык кеңешинин депутаты;
   - Б.Супатаев - Күмүштак айылдык кеңешинин депутаты;
   - Б.Абдрахманов - Күмүштак айылдык кеңешинин депутаты;
   - Х. Шаршеналиев - Боо-Терек айылынын тургуну;
   - Бакай-Ата райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын өкүлү;
   - А.Тойчубеков- Күмүштак айыл өкмөтүнүн киреше боюнча адиси.
   - Дж.Аблаев – Күмүштак айыл өкмөтүнүн жер маселелери боюнча адиси;
2. Айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы жерлерине жана айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлерине аукцион өткөрүү боюнча комиссиянын катчысы болуп, айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы дайындалсын.
3. Айыл өкмөтүнүн жерге жайгаштыруу жана айыл чарба маселери боюнча жетектөөчү адиси Ч.Шейшенбеков айыл өкмөтүнө караштуу айыл чарба багытындагы жерлерине жана айыл чарба мамлекеттик фондусунун (АЧЖМФ) жерлерине аукцион өткөрүү боюнча аукциончу болуп дайындалсын.
4. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмолдөө жагы жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Торага** **Б.Акматов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
БАКАЙ-АТА РАЙОНУ
КҮМҮШТАК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КУМУШТАКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 4-апрели №3** **Боо-Терек айылы**

**Боо-Терек айылындагы Ч.Сатаев атындагы маданият үйүнүн түндүк жагындагы, Н.Молдалиев атындагы бала бакчанын түштүк жагындагы, тактап айтканда ушул эки социалдык объекттин ортосундагы кара талдарды кыюуга уруксат берүү жөнүндө.**

Боо-Терек айылындагы Ч.Сатаев атындагы маданият үйүнүн түндүк жагындагы, Н.Молдалиев атындагы бала бакчанын түштүк жагындагы, тактап айтканда ушул эки социалдык объекттин ортосундагы кара талдарды кыюуга уруксат берүү үчүн сессиянын күн тартибине киргизип карап берүү жөнүндөгү айыл өкмөт башчысы З.Надырбаевдин 2025-жылдын 28-мартындагы №02-2/610 чыгыш сандуу кайрылуусунун негизинде, Күмүштак айылдык кеңешинин депутаттардын VI сессиясы карап чыгып, талкуулап

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Боо-Терек айылындагы Ч.Сатаев атындагы маданият үйүнүн түндүк жагындагы, Н.Молдалиев атындагы бала бакчанын түштүк жагындагы, тактап айтканда ушул эки социалдык объекттин ортосундагы (№6-02-02-1001-1875 кодирокадагы) муниципалдык жер тилкедеги кара талдарды **комиссиянын катышуусу менен** кыюуга уруксат берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 4-апрели №4** **Боо-Терек айылы**

**Боо-Терек айылындагы Н.Молдалиев балдар бакчасына 2 сотых жер тилкени оюн аянтчасы үчүн бөлүп берүү жөнүндө**

Боо-Терек айылындагы Ч.Сатаев атындагы маданият үйүнүн түндүк жагындагы, Н.Молдалиев атындагы бала бакчанын түштүк жагындагы, тактап айтканда ушул эки социалдык объекттин ортосундагы муниципалдык жер тилкенин 2 сотых жер тилкесин Н.Молдалиев балдар бакчасынын оюн аянтчасы үчүн бөлүп берүүгө уруксат берүү үчүн сессиянын күн тартибине киргизип карап берүү жөнүндөгү айыл өкмөт башчысы З.Надырбаевдин 2025-жылдын 28-мартындагы №02-2/610 чыгыш сандуу кайрылуусунун негизинде жана Н.Молдалиев балдар бакчасынын директорунун 2025-жылдын 1-апрелиндеги №01-19/59 чыгыш сандуу катын карап чыгып талкуулап, Күмүштак айылдык кеңешинин депутаттардын VI сессиясы

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Боо-Терек айылындагы Ч.Сатаев атындагы маданият үйүнүн түндүк жагындагы, Н.Молдалиев атындагы бала бакчанын түштүк жагындагы, тактап айтканда ушул эки социалдык объекттин ортосундагы (№6-02-02-1001-1875 кодировкадагы) муниципалдык жер тилкенин 2 сотых жер тилкеси Н.Молдалиев балдар бакчасынына оюн аянтчасы үчүн бөлүнүп берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>БАКАЙ-АТА РАЙОНУ<br>КҮМҮШТАК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>БАКАЙ-АТИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУМУШТАКСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
| --- | --- | --- |

# ТОКТОМ

**2025-жылдын 4-апрели №5** — **Боо-Терек айылы**

**Боо-Терек айылындагы Ч.Сатаев атындагы маданият үйүнүн түндүк жагындагы, Н.Молдалиев атындагы бала бакчанын түштүк жагындагы, тактап айтканда ушул эки социалдык объекттин ортосундагы жер тилкеге эс алуучу жай куруугa долбоор дайындоого уруксат берүү жөнүндө**

Боо-Терек айылындагы Ч.Сатаев атындагы маданият үйүнүн түндүк жагындагы, Н.Молдалиев атындагы бала бакчанын түштүк жагындагы, тактап айтканда ушул эки социалдык объекттин ортосундагы жерге эс алуучу жай куруугa долбоор дайындоого уруксат берүү үчүн сессиянын күн тартибине киргизип карап берүү жөнүндөгү айыл өкмөт башчысы З.Надырбаевдин 2025-жылдын 28-мартындагы №02-2/610 чыгыш сандуу кайрылуусунун негизинде Күмүштак айылдык кенешинин депутаттардын VI сессиясы карап чыгып, талкуулап

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Боо-Терек айылындагы Ч.Сатаев атындагы маданият үйүнүн түндүк жагындагы, Н.Молдалиев атындагы бала бакчанын түштүк жагындагы, тактап айтканда ушул эки социалдык объекттин ортосундагы (№6-02-02-1001-1875 кодировкадагы) муниципалдык жер тилкенин Н.Молдалиев балдар бакчасынын оюн аянтчасы үчүн бериле турган 2 сотых жер тилкеден калган жер тилкеге эс алуучу жай куруугa долбоор дайындоого жана тиешелүү жактарга сунуштоого уруксат берилсин.
2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, айыл чарбасы, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура, курулуш, транспорт жана экология боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Б.Акматов**